№1 Педагогикалык кеңеш тарабынан
Кабыл алынган
“27” __08__ 20 21 -ж.

БЕКИТЕМИН
Мектеп жетекчиси ________ Бейшекеева Н.М
“01” __09__ 20 21 -ж.

**О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектеби.**
**Дистанттык окутуу жөнүндо Жобо.**

1.1. Бул жобо О.Текеев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин жалпы билим берүүчү программаларды пайдалануу менен аралыктан билим берүү технологияларын жана электрондук окутуу эрежелерин ишке ашыруусун белгилейт.

1.2.Бул Жобо:

- Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешенин 2020-жылдын 24-мартынан короновирустук инфекциянын таралышынын алдын алуу жана ага жол бербөө бюнча чечимдери, Кыргыз Республикасынын Өкмотүнүн 22-мартынан 22-апрелине чейин КРнын өзгөчө кырдаадар жөнүндө;
- КРнын Президентинин 2020-жылдын 24-мартынан “Ковид-19 короновирустук инфекциялар катталган райондордо жана шаарларда өзгөчо абал киргизүү
- Жөнүндогү” жарлыгы ;
- КР “Билим берүү жөнүндө мыйзамынын” 14-беренесине ылайык мамлекеттик билим берүү жөнүндө мыйзамынын” 14-беренесине ылайык мамлекеттик билим берүү стандарты жалпы билим берүү мектептеринин окуучулардын окуу материалдарын оөздоштүрүү максатында КРнын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 14-мартынан №282/1 буйругунун негизинде.
- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 26-мартынан “2019-2020-окуу жылында окуу программаларынын аткарылышы жөнүндөгү №326/1 буйругунун негизинде.

1.3. Электрондук окутуу-билим берүү программаларын ишке ашырууда маалымат менен жана ошондой эле маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарды камсыз кылуучу байланыш линиясы боюнча көрсотүлгөн маалыматтарды окуучулардын жана педагогилык кызматкерлердин өзара байланышын камсыз кылат.

1.4.Мектеп билим берүүнүн катышуучуларына электрондук жана техникалык жана техникалык буюмдарды колдонуу менен аларды туура тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн маалымат берет.

1.5.Электрондук окутуу максатында негизги элементтери:

- Онлайн – платформалар;
- Билим берүү сайттарында жайгаштырылган санариптик билим берүү ресурстары;
- Электрондук – почта жана соц.тармактар.

2. Максаттары жана милдеттери.

- Жеке билим берүү жана окутуунун жолдорну ишке ашырууга шарттарды түзүү
- Заманбап маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар каражаттарын колдонуунун эсебиен окуутунун сапатын жогорулатуу
- Билим берүү процесси үчүн окуп жаткандар үчүн бардык ыңгайлуу убакта ар кандай маалыматтык ресурстарга ачык жетүү
- Мектептие бирдиктүү билим берүү чөйрөсүн түзүү
- Окуу ишмердүүлүгүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу.